ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2022-жылдын**
**6-августундагы №2 жыйынынын**

# ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ

**Күн тартиби:**
**ОшМУнун кадр саясатынын абалы, өнүгүүперспективалары (кадрлар резерви, эмгек тартип ж.б.)**

**Угулду:** ОшМУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы, доцент Г. Турдубаева ОшМУнун кадр саясатынын абалы, өнүгүү перспективалары (кадрлар резерви, эмгек тартип ж.б.) жөнүндөгү маселе менен тааныштырып Окумуштуулар кеңеши **чечим кылат:**

1. ОшМУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы Г. Турдубаеванын билдирүүсү эске алынсын.
2. ОшМУнун кадрдык саясатын «ОшМУнун Өнүктүрүү концепциясын (2019-2024-жж.)» жетекчиликке алып жүргүзүү тиешелүү проректорлорго жана структура жетекчилерине жүктөлсүн.
3. ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2019-жылдын 24-апрелинде № 6 отурумунда бекитилген «ОшМУнун ички кадрлар резервин түзүү тартиби жөнүндө» жобосуна буга чейинки кадрлар резервине тандоодогу тажрыйбаны жана отурумда айтылган сунуштарды эске алуу менен өзгөртүүлөр, толуктоолор киргизилсин.
4. КРдин Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтомунун «КРдин жогорку окуу жайынын профессордук-окутуучу курамынын кызмат ордун ээлеп туруунун тартиби жөнүндө» жобосуна ылайык ар бир окуу жылынын башталышына чейин профессордук-окутуучулук курамдын шайлоо мөөнөтү жаңы окуу жылы ичинде бүтө тургандардын тизмеси, өтүү мөөнөтү такталып, конкурстан өтүү графиги бекитилсин (кадрлар бөлүмүнүн башчысы Г. Турдубаева, окумуштуу катчы Дж.Ж. Асанбекова).
5. Иш кагаздарынын түп нускаларын ректордун № 271-ФХД/22 буйругу менен 2022-жылы 31-январында бекитилген «Ош мамлекеттик университетинин ишмердүүлүгүндө түзүлгөн документтердин сактоо мөөнөтүн көрсөтүү менен тизмесин (номенклатура) бекитүү жөнүндө» жобосуна ылайык өз убагында ОшМУнун архивине өткөрүп туруу тиешелүү структура жетекчилерине, декандар, директорлор жана кадрлар бөлүмүнүн башчысы, доцент Г. Турдубаевага милдеттендирилсин.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө тиешелүү структура жетекчилерине милдеттендирилсин. Жалпы көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректор, доцент З.С. Божоновго жүктөлсүн.

**Окумуштуулар кеңешинин**
**төрагасы, профессор** **К.Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы, доцент** **Дж.Ж. Асанбекова**